*Менин балам...*

*Сен мени таанибашың мүмкүн, бирок мен сен жөнүндө бүт нерсени билем... Забур 138:1. Сенин качан отуруп, качан турарыңды билем... Забур 138:2. Мага сенин бардык жолдоруң белгилүү... Забур 138:3. Алтургай сенин башыңдагы чачтарың да саналуу... Матай 10:29-31. Себеби сен Менин бейнем боюнча жаратылгансың... Башталыш 1:27. Сен Мен аркылуу жашап, Мен аркылуу кыймылдап, Мен аркылуу бар болуп турасың... Элчилер 17:28. Анткени сен Менин тукумумсуң... Элчилер 17:28. Мен сени энеңдин ичинде Өзүм жаратканга чейин эле билчүмүн... Жеремия 1:4-5. Мен жаратылышты пландаштырып жатканда эле сени тандап алганмын... Эфестиктер 1:11-12. Сен жаңылыштык эмессиң... Забур 138:15-16. Сага белгиленген күндөрдүн баары менин китебимде жазылып коюлган... Забур 138:15-16. Сен качан төрөлөөрүңдү жана кайсыл жерде жашаарыңды так белгилеп койгонмун... Элчилер 17:26. Сен таң каларлык жаратылгансың... Забур 138:14. Мен сени энеңдин ичинде токуганмын... Забур 138:13. Сен төрөлгөн күнү энеңдин курсагынан сени өзүм чыгарганмын... Забур 70:6. Мени билбегендер сага Мен жөнүндө туура эмес маалымат беришкен... Жакан 8:41-44. Мен сенден алыс эмесмин жана каардуу эмесмин, тескерисинче Мен сүйүүнүн жеткилең чагылдырылуусумун... 1 Жакан 4:16. Жана Мен сага өз сүйүүмдү мол кылып көрсөткүм келет... 1 Жакан 3:1. Себеби жөн эле сен Менин баламсың, ал эми Мен сенин Атаңмын... 1 Жакан 3:1. Мен сага жердеги атаң деги эле бере алгандан да көп нерсени сунуш кылам... Матай 7:11. Себеби Мен – жеткилең Атамын... Матай 5:48. Сен алган ар бир жакшы белекти сага Менин колдорум берет... Жакан 1:17. Себеби Мен сени камсыз кылам жана бардык муктаждыктарыңды толтурам... Матай 6:31-33. Менин сенин келечегиңе болгон планым дайыма үмүт берет... Жеремия 29:11. Себеби Мен сени түбөлүктүү сүйүү менен сүйөм... Жеремия 31:3. Менин сага карата болгон ойлорум деңиз жээгиндеги кумдай сан жеткис... Забур 138:17-18. Жана Мен сен жөнүндө шаттанып салтанат курам... Софония 3:17. Мен сага жакшылык кылганымды эч качан токтотпойм... Жеремия 32:40. Себеби сен Менин энчимсиң... Чыгуу 19:5. Мен сени чын жүрөгүм жана жан дилим менен жерге бекем отургузгум келет... Жеремия 32:41. Жана Мен сага улуу жана кол жеткис нерселерди көрсөткүм келет... Жеремия 33:3. Эгерде сен Мени бүт жүрөгүң менен издесең, Мени табасың... Мыйзамды кайталоо 4:29. Мени менен кубан, ошондо Мен сенин жүрөгүңдөгү каалоолорду ишке ашырам... Забур 36:4. Себеби ал каалоолорду сага Мен бергенмин... Филипиликтерге 2:13. Мен сен үчүн сен элестете алгандан да артык кыла алам. Эфестиктерге 3:20. Себеби Мен сенин эң чоң колдоочуңмун... 2 Тесалоникалыктарга 2:16-17. Ошондой эле, Мен сени бардык кыйынчылыктарыңда сооротkон Атамын... 2 Корунтукттарга 1:3-4. Сенин жүрөгүң жараланганда, Мен сенин жаныңдамын... Забур 34:18.*

*Койчу козуну көтөрүп жүргөндөй, Мен да сени боорума басып көтөрүп жүрөм... Ышайа 40:11. Бир күнү сенин бардык көз жашыңды аарчыйм... Аян 21:3-4. Жана сен жер жүзүндө чеккен азаптын баарын жок кылам... Аян 21:4. Мен сенин Атаңмын жана сени Өзүмдүн уулум Ыйсаны сүйгөндөй сүйөм... Жакан 17:23. Себеби Ыйсада Менин сага болгон сүйүүм ачылып берилген... Жакан 17:26. Ал – Менин табиятымдын толук көчүрмөсү... Эврейлерге 1:3. Жана Ал Мен сага каршы эмес, тескерисинче сен тарапта экенимди иш жүзүндө көрсөтүү үчүн келген... Римдиктер 8:31. Жана Мен сенин күнөөлөрүңдү эсептебээримди да айтыш үчүн келген... 2 Корунттуктарга 5:18-19. Сен экөөбүз элдеше алышыбыз үчүн, Ыйса курман болгон... 2 Корунттуктарга 5:18-19. Анын өлүмү аркылуу Менин сага болгон сүйүүм толук көрсөтүлгөн... 1 Жакан 4:10. Сенин сүйүүңө ээ болуу үчүн, Мен бүт нерседен баш тарттым... Римдиктерге 8:32. Сен менин уулум Ыйсанын белегин кабыл алсаң, Мени кабыл алган болосуң... 1 Жакан 2:23. Жана мындан кийин сени Менин сүйүүмдөн эч нерсе ажырата албайт... Римдиктер 8:38-39. Үйгө келсең, Мен сага арнап асманда эч качан болбогон чоң той берем... Лука 15:7. Мен дайыма сенин Атаң болгонмун жана дайыма Атаң болуп кала берем... Эфестиктерге 3:14-15. Менин сага суроом... Сен менин балам болосуңбу?... Жакан 1:12-13.*

*Мен сени күтүп жатам... Лука 15:11-32.*

*Сени сүйгөн Атаң,*

*Кудуреттүү Кудай*